Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлигинин
2022-жылдын "28" июлу
№1484/1 буйругу менен бекитилди

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурс аркылуу тандоону жүргүзүү тартиби жөнүндө

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурс аркылуу тандоону жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобо (мындан ары -Жобо) мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин (мындан ары - жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси) бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурстук тандоонун максаттарын жана милдеттерин, конкурстук тандоонун тартибин аныктайт.

2. Конкурс билим берүү системасында кадрларды тандоо жана жайгаштыруу боюнча жумуштун алкагында жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин бош кызмат ордун ээлөөгө талапкерлердин кесиптик компетенцияларын жана жеке сапаттарын, алардын жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна коюлган квалификациялык талаптарга, кызматтык милдеттерге ылайык келүүсүнө баа берүүнүн негизинде жүргүзүлөт.

3. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору» мекемеси тарабынан (мындан ары - Улуттук борбор) тарабынан жүргүзүлөт.

4. Жободо колдонулган түшүнүктөр, терминдер жана кыскартуулар төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

- **квалификациялык талаптар** - жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик билиминин жана адистигинин деңгээлине, адистиги боюнча иш тажрыйбасына, кесиптик билимине жана көндүмүнө коюлган талаптар;
- **квалификациялык тестирлөө** - талапкердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жана анын квалификациялык талаптарга туура келүүсүн аныктоого багытталган объективдүү жана ачык-айкын тестирлөө жол-жобосу;
- **конкурс** - ушул Жобого ылайык өткөрүлө турган талапкерлердин компетенцияларын жана алар тарабынан берилген документтердин ушул Жобонун талаптарына шайкештигин баалоо жол-жобосу;
- **талапкер** - жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин бош кызмат ордун ээлөөгө конкурска катышуу каалоосун жазуу жүзүндө билдирген жеке жак.
- **документтерди экспертизалоо** - конкурстан өтүү үчүн талапкер тарабынан берилген документтердин квалификациялык талаптарга шайкештигин тастыктоо

жана квалификациялык тестирлөөгө уруксат берүү максатында аларды карап чыгуу жол-жобосу.

- **талапкердин компетенттүүлүгү** - бул талапкердин белгилүү бир кесиптик маселелерди чечүүчү жеке жөндөмү.

- **техникалык апелляция** - талапкердин жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде квалификациялык тестирлөөнүн натыйжаларын текшерүүнүн тартиби.

## 2. Конкурстун максаты жана милдеттери

5 . Конкурстун максаты:

- билим берүү тармагында зарыл компетенцияларына, жогорку башкаруучулук сапаттарына, тиешелүү жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар, ал эми ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн адистештирилген билим берүү уюмдарына, атайын педагогикалык билими жана иш стажы адистиги боюнча 5 жылдан кем эмес билим берүү жаатында зарыл болгон компетенцияларына, жогорку башкаруучулук сапаттарга ээ болгон адамдарды альтернативдик атаандаштык негизде тандоо.

6. Конкурстун максаттары:

- жалпы билим берүү уюмдарынын жогорку кесипкөй башкаруучу кадрдык курамын түзүүгө багытталган мамлекеттик кадр саясатын жүзөгө ашыруу;
- мектептик билим берүү системасында кадрларды тандоо жана дайындоо боюнча иштин алкагында талапкерлердин кесиптик компетенцияларын жана инсандык сапаттарын, алардын жетекчилик кызмат ордуна коюлган кызматтык милдеттерге шайкештигин баалоону жакшыртуу.

## 3 . Жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарын ээлөөгө Конкурстун катышуучуларына коюлган талаптар

7. Конкурска катышууга жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин бош кызмат ордуна төмөнкү квалификациялык талаптарга жооп берген Кыргыз Республикасынын жарандарына уруксат берилет:

- жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык иш стажы барлар;
- атайын педагогикалык билими жана адистиги боюнча 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы барлар (ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн адистештирилген жалпы билим берүү уюмдарга);
- аракетке жөндөмдүүлүгү бар, аларга карата аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдери жок адамдар;
- соттолбогондор;
- ушул Жобонун 8-пунктунда көрсөтүлгөн медициналык каршы көрсөткүчтөрү жоктор;
- мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими менен аныкталган мөөнөттүн ичинде педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенүү укугу менен чектелбегендер;

- жалпы билим берүү уюмдун ишмердүүлүгүн пландаштыруунун жана контролдоонун формаларын уюштуруунун жалпы принциптерин, уюмдун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо ыкмаларын жана персоналды башкаруу, иш кагаздарын жүргүзүү, ички эмгек тартибин, жалпы билим берүү уюмунун администрациялык финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын билген;

- билим берүү системаларын башкаруу ыкмаларын, маалыматтык технологиялар жана тез башкаруу чечимдерин кабыл алуу боюнча көндүмдөрүн, алардын кесепеттерин болжолдоо, ишкердик сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана эл алдында чыгып сүйлөө көндүмдөрүнө ээ болгондор;

8. Конкурска катышууну каалаган талапкер ушул Жобонун 13-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө төмөнкү документтерди (сканерленген түрдө) тапшырат:

Конкурска катышууну каалаган талапкер конкурстук комиссияга Конкурс жарыяланган күндөн баштап 10 иш күнү аралыгында төмөнкү документтерди тапшырат:

- белгиленген формадагы жазуу жүзүндөгү жеке арызын (№ 1 тиркеме) жана сүрөтүн (3×4 см);
- паспортун;
- жогорку педагогикалык билими тууралуу дипломун (нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн) (тиркемеси менен);
- эмгек китепчесин (нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн);
- жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук берүүсүн (№ 2 тиркеме);
- соттолгондугу (соттолбогондугу) жөнүндө маалым катын;
- психикалык ооруларынын жана наркологиялык диспансерлерде каттоосу жоктугу жөнүндө маалым катын.

9. Конкурска катышууга документтерди өз убагында тапшырбаган же документтер толук эмес берилбеген учурлар талапкерди Конкурска катышуудан четтетүү боюнча негиз болуп эсептелинет. Талапкерден жетишпеген документтерди талап кылууга тыюу салынат.

10. Талапкер жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин бир гана бош кызмат ордуна талапкер боло алат.

11. Эгерде документтер:
- өз убагында тапшырылбаса;
- ушул Жобонун 7-пунктунун талаптарына жооп бербесе;
- ушул Жобонун 8-пунктунун талаптарына ылайык толук тапшырылбаса талапкер Конкурска катыштырылбайт.

12. Талапкер документтердин көчүрмөлөрүн өзүнүн жеке электрондук почтасы аркылуу Улуттук борбордун электрондук почтасына ушул Жобонун 13-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө жөнөтөт.

13. Документтерди кабыл алуунун акыркы мөөнөтү Конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандыруу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (мындан ары - Министрлик) расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып 10 жумушчу күндү түзөт.

**4 . Конкурсту жарыялоонун тартиби**

14. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин бош кызмат орду болгон учурда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары - Министрлик) 5 жумушчу күндүн ичинде Конкурсту жарыялайт.

15. Конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандыруу Министрликтин расмий сайтында, ошондой эле ЖМКаларда жарыяланат.

Конкурсту өткөрүү тууралуу жарыяда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

- билим берүү уюмунун жетекчисинин бош кызмат орунунун аталышы;
- билим берүү уюмунун аталышы жана жайгашкан жери;
- бул кызматка талапкерге коюлган квалификациялык талаптар;
- Конкурска катышуу үчүн талапкерлер тарабынан берилген документтердин тизмеси жана аларды тариздөө талаптары, ушул Жобого ылайык тапшырыла турган документтерди кабыл алуучу жай, тартиби жана мөөнөттөрү;
- ыйгарым укуктуу органдын жана Улуттук борбордун телефону, электрондук почтасы, веб-сайтынын дареги;
- Конкурстун өткөрүү күнү, жайы жана тартиби, ошондой эле башка маалыматтык материалдар.

## 5. Конкурсту өткөрүү тартиби

16. Конкурс төмөнкү этаптардан турат:

**Биринчи этабы** – документтердин экспертизасы;

**Экинчи этабы –** квалификациялык тестирлөө.

17. Биринчи этапта Улуттук борбор ушул Жобонун 13-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди кабыл алуунун акыркы мөөнөтү аяктаган күндөн тартып, 5 жумушчу күндүн ичинде талапкердин документтеринин аталган Жобонун 8 жана 9-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга шайкештигине экспертиза жүргүзөт.

18. Улуттук борбор биринчи этаптын жыйынтыгы боюнча:

- документтердин экспертизасынан өткөн жана Конкурстун экинчи этабына киргизилген талапкерлердин тизмесин бекитет;
- документтердин экспертизасынан өтпөй калган жана Конкурстун экинчи этабына киргизилбеген талапкерлердин тизмесин бекитет;
- документтердин экспертизасынан өткөн жана Конкурстун экинчи этабына киргизилген талапкерлерди документтер экспертизадан өткөндөн кийин 3 иш күнү аралыгында анын жеке электрондук дареги аркылуу кабардар кылат;
- документтерди кароодон өтпөй калган жана Конкурстун экинчи этабына киргизилбеген талапкерлердин тизмеси бекитилгенден кийин 3 жумушчу күндүн ичинде электрондук почта аркылуу талапкерлерге өтпөй калгандыгы тууралуу себептерин көрсөтүү менен маалымдайт.

19. Экинчи этапта Конкурстун жол-жобосунун негизги бөлүгү болуп саналган квалификациялык тестирлөө (мындан ары – тестирлөө) өткөрүлөт.

20. Тестирлөө кесиптик даярдыктын деңгээлин, билим берүү, педагогика, психология, менеджмент жана билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын билүүсүн, ошондой эле маалыматтык технологиялар боюнча билимин баалоо максатында өткөрүлөт.

21. Тестирлөөнү өткөрүү тартибин жана графигин, тестирлөөнүн формасын жана босого баллдарын Улуттук борбор иштеп чыгат жана ыйгарым укуктуу орган бекитет.

22. Улуттук борбор тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү боюнча төмөндөгү функцияларды жүзөгө ашырат:

- тестирлөөнү өткөрүү боюнча нускама иштеп чыгат жана бекитет;
- тесттик суроолордун базасын иштеп чыгат, түзөт жана жаңылап турат;
- тесттик суроолорду бекитет;
- тестирлөөнүн катышуучуларын каттоону жүргүзөт;
- компьютердик тестирлөө жүргүзөт;
- тестирлөөнүн жыйынтыктарын чыгарат жана тестирлөөнүн протоколун түзөт;
- талапкерге тесттин жыйынтыгын берет.

23. Тестирлөө аяктагандан кийин жыйынтыктар дароо компьютердин экранында көрсөтүлөт.

24. Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча талапкерге Улуттук борбор тарабынан төмөндөгү жазуулары бар протокол берилет:

- топтолгон балл квалификациялык талаптарга жооп берет;
- топтолгон балл квалификациялык талаптарга жооп бербейт.

25. “Топтолгон балл квалификациялык талаптарга жооп берет” деген жазууну алган учурда Улуттук борбор талапкердин документтерин жана топтогон баллы жазылган протоколдорду ыйгарым укуктуу органга өткөрүп берет.

26. Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча эң көп балл топтогон талапкер Конкурстун жеңүүчүсү деп табылат. Эгерде Конкурстун бир нече катышуучусу бирдей балл топтогон болсо, бул учурда ошол эле күнү негизги тестирлөөнүн суроолорунун санынын үчтөн биринен ашпаган өлчөмдө кошумча тестирлөө өткөрүлөт. Конкурстун жеңүүчүсү мындай учурда негизги жана кошумча тестирлөөнүн баллдарын кошуу менен “Алган упай квалификациялык талаптарга жооп берет” деп аныкталат.

27. Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча Конкурстун жеңүүчүсү менен мөөнөттүү эмгек келишим 5 жылдык мөөнөткө түзүлөт.

28. Конкурстун жеңүүчүсү мөөнөттүү эмгек келишимин түзүүдөн баш тарткан, ошондой эле Конкурс өткөн жок деп табылган учурларда ыйгарым укуктуу орган 5 иш күнү аралыгында кайрадан Конкурс жарыялайт.

29. Эгерде:

- Конкурска катышууга талапкерлердин арыздары жок болсо;
- бардык талапкерлер өздөрүнүн талапкерлигин алып коюу тууралуу арыздарын беришсе;
- Конкурска бардык талапкерлер келбей калышса;
- талапкерлер босого баллды топтой албай калышса, Конкурс өткөн жок деп табылат.

## 6. Техникалык апелляция

30. Тестирлөөнүн жыйынтыктары менен макул болбогон учурда талапкер техникалык апелляцияга арыз берүүгө укуктуу. Техникалык апелляцияга арызды талапкер тестирлөө өткөрүлгөн жерде, ал аяктагандан кийин бир сааттын ичинде жеке өзү тариздейт.

31. Техникалык апелляция 5 адамдан көп эмес мүчөдөн турган техникалык комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Техникалык комиссиянын төрагасы жана курамы, ошондой эле ыйгарым укуктуу органдын Улуттук борбор тарабынан бекитилет.

32. Улуттук борбор техникалык комиссияга апелляцияга арыз жазган талапкердин көзүнчө электрондук каражаттын экранынан анын жыйынтыгын, жоопторун жана алынган баллдардын ылайык келишин аныктоо үчүн тесттин ачкычтарын көрсөтөт. Арызды кароонун жыйынтыктары протокол менен тариздөлет, аларга техникалык комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү кол коюшат.

33. Улуттук борбордо техникалык комиссиянын ишинин материалдарын архивдик сактоо 1 жылдык мөөнөткө белгиленет.

## 7. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу

34. Улуттук борбор:

- Конкурстун жеңүүчүсү аныкталган учурдан тартып өзүнүн расмий сайтында Конкурстун жыйынтыгы жөнүндө маалыматтык билдирүүнү жарыялайт.

35.Министрлик:

- 3 жумушчу күндүн ичинде Конкурстун жеңүүчүсүн республикалык бюджеттен каржылануучу жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна дайындайт жана аны менен мөөнөттүү эмгек келишимин түзөт;
- 3 жумушчу күндүн ичинде областтык (аймактык) билим берүү органына Конкурстун жыйынтыгы жөнүндө жана жергиликтүү бюджеттен каржылануучу жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна сынактын жеңүүчүсүн дайындоо үчүн маалымат билдирет.

36. Областтык (аймактык) билим берүү органдары:

- билдирүүнү алган күндөн тартып 3 жумушчу күндүн ичинде Конкурстун жеңүүчүсү менен мөөнөттүү эмгек келишимин түзүп, жергиликтүү бюджеттен каржылануучу жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна дайындайт.

37. Тестирлөөнүн протоколдору жана Конкурска берилген документтер иш кагаздарын жүргүзүү эрежелерине ылайык Улуттук борбордо 5 жыл бою сакталат.

Мамлекеттик, муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоону жүргүзүү жөнүндө Жобого 1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине
Кимден:
Жашаган дареги:

Байланыш телефону:
Электрондук почта:

**Арыз**

Мага бош кызмат ордун ээлөөгө конкурска катышуума уруксат берүүңүздү суранам *(билим берүү уюмунун жетекчисинин бош кызмат ордунун аталышы)*
Арызга төмөнкү документтерди тиркейм:
1.
2.
3.
4.
5.
6.
7.
8.
9.
10.

Дата

Чечмеленген кол белги

Мамлекеттик, муниципалдык жалпы
билим берүү уюмдарынын
жетекчилерин конкурстук тандоону
жүргүзүү жөнүндө Жобого
2-тиркеме

**ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕТҮҮГӨ МАКУЛДУК БЕРҮҮ**

Мен, фамилиясы, аты, атасынын аты *(толук)*,_______________________________________,
Паспорттун сериясы _____ номери _________, ким тарабынан жана качан берилген_______
_____________________________________________________________жашаган жери:
_____________________________________________________________________________
_____________________________________________________________________________
анкетада жана резюмеде көрсөтүлгөн жеке маалыматтардын (аты-жөнүм, байланыш маалыматым, сүрөттөрүм, билимим, эмгек ишмердүүлүгүм ж.б. жөнүндөгү маалыматтар) иштетилишине макулмун.

Мамлекеттик, муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоону жүргүзүү жөнүндө Жобонун 37-пунктуна ылайык конкурска мен тарабынан берилген документтер конкурс аяктаган күндөн тартып беш жыл бою Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин архивинде сакталарынан, андан соң аракеттеги мыйзамдарда белгиленген тартипте жок кылынарынан кабардармын.

Мени мамлекеттик, муниципалдык жалпы билим берүү уюмуна жетекчилик кызматка дайындаган шартта менин жеке маалыматтарым конкурс аяктаган күндөн тартып беш жыл бою Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү үчүн чектелген түрдө жеткиликтүү болушуна жана персоналды тандоо, ротациялоо, окутуу жана өнүктүрүү маселелерин чечүү, маалыматтар базасын жүргүзүү үчүн колдонулушуна макулмун.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруунун алкагында жеке маалыматтар менен болгон аракеттерди (операцияларды) ишке ашырууну, атап айтканда, жеке маалыматтарды системалаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо, жаңылоо, өзгөртүү, колдонуу, өткөрүп берүү, жок кылууну түшүндүрөрүнөн кабардармын.

| | | |
|---|---|---|
| ______________________ | ______________________ | ______________________ |
| Кол белги | аты-жөнү | датасы |